# ТЕМА: “КУМАР ОЮНУ – КОРКУНУЧТУУ ИЛДЕТ”
## (9 класстар үчүн)

*“Кумар оюндарына катышуу – акылдын*
*банкрот болгондугунун көрсөткүчү”*
*(Артур Шопенгауэр).”*



**Методдору жана ыкмалары:** топто иштөө, талкуулоо.
**Ресурстар:** кумар оюндары боюнча сүрөттөр, кыска видео же анимация компьютер, сүрөт тартуу үчүн кагаз жана боектор, проектор, ватман кагазы, маркерлер, макал-лакаптар, интернет булактары.

**Сабактын тиби:** чыгармачылык бышыктоо.
**Сабактын формасы:** аралаш сабак.
**Сабактын методу:** Маалымат берүү, түшүндүрүү, аңгемелешүү, практикалык.
**Убактысы:** 45 мүн.

**Максаты:**
1. Балдарга кумар оюндарынын зыяндуулугун түшүндүрүү;
2. Кумар оюндарына көз каранды адамдардын белгилери жөнүндө маалымат берүү;
3. Кумар оюндарынын түрлөрү боюнча өз ойлорун айтышып, топто талкуулай алышат.

**КҮТҮЛҮҮЧҮ НАТЫЙЖАЛАР:**

- Окуучулар кумар оюнунун зыяндуу жактарын түшүнүшөт, андан оолак жашоого багыт алат;
- Окуучуларды кумар оюнунунан сактануу түшүнүктөрү кеңеет.
- Окуучулар дени сак жашоого тарбияланат. Алган билимдерин турмушта пайдалана билүүгө тарбияланат.

**САБАКТЫН ЭТАПТАРЫ:**

**1. Уюштуруу бөлүгү**

**Мугалимдин кириш сөзү** (5-мүнөт) **(**класста жагымдуу жагдай түзүү)



1- сүрөт. Иллюстративдик фото. Интернеттен алынган

- Балдарды жылуу маанайда тосуп алуу;
- Сабактын темасын тааныштыруу.

**Баштапкы бөлүк (10 мүнөт)**

**Мугалим:**

Кыргызстанда кумар оюндарына азгырылып, тагдыры ойрон болгон адамдар көбөйүп жатат. Оюн автоматтары, букмекер борборлору жана казино оюндары бирөө үчүн убакыт өткөрүү, бирөө үчүн эс алуу болсо бирөө үчүн көз карандылыктын бир түрү болгонсуйт.

Ал гана эмес өмүрүнөн ажырагандар да бар. Бул оюндар жайылып кетти. Жабыркагандай кайрылбайт, анткени аларда мотивация жок. Жакында эле бизге бар баланын ата-энеси кайрылды. Бир кезде мектепти да мыкты бүтүп, жогорку окуу жайды да кызыл диплом менен аяктап, жакшы кызматта иштеген бала экен. Кумар оюндарынын айынан азыр бардыгынан ажырап калыптыр.

- Бүгүнкү күндө жашообузда кумар оюндарына болгон көз карандылык ээлеп алды. Эмне үчүн? (окуучулардын пикири айтылат).

Кумар оюну – коркунучтуу илдет. Кумар оюндарына болгон көз карандылык “лудомания” деп аталып, грек тилинен которгондо “лудо” ойноймь, “мания” баш айлангандык деген маанини берет. Лудоманияга кабылган адамдын социалдык абалы начарлайт, үй-бүлөлүк баалуулуктар жоголот, мүнөзү өзгөрөт.

Европада 12-17 жаштагы балдардын 33% он-лайн режиминде автомат оюнун бекер ойноп, көйгөйлүү болгон. Автоматтык кумар оюнуна берилип кеткендерди чет өлкөдө лудоман (латынча ludos – оюнга кумарданган) дешет. Россиялыктар аларды играман, кыргыздар аны кумарпоз деп аташат. Автоматтык кумар оюнуна берилгендердин 37-70% суицид өлүмү жөнүндө ойлонушат. Кумар оюнуна катышкандардын 48% ага көз каранды, б.а. психикалык көйгөйлүү, 34% аракечтер, 32% баңгилер болушат.

Кумар оюнун токтотуш кыйын. Кумардануу бул – адамга тыюу салынган нерсени каалоо. Кумар оюну деген сөздүн өзү адамдын оюнга карата азгырылуусун билдирет. Америкалык окумуштуулар автоматтык кумар оюнун, карта (покер, Блек-Джек ж.б.), домино, рулетка оюндарын олуттуу социалдык көйгөй катары эсептешет. Автомат оюнун чыгарып, соода борборуна, казиного койгондор да, аны ойногондор да кумарпоз, шылуун адамдар.



**Мугалим:**

**Кандай адамдар кумар оюндарына бат берилишет?**

*(окуучулар өз ойлорун айтышат)*

1. Өзүн төмөн сезген окуучу, оюн аркылуу жеңүүнү, башкаларга “баатыр” экендигин далилдөөнү каалашат;
2. Өзүн-өзү баалоосу төмөн, ишенимсиз адамдар;
3. Ата-эненин мээримине бөлөнбөй чоңоюп калган бала;
4. Ашыкча эркеликте, бөпөлөнүп чоңойгон эрке-талтаңдар;
5. Ата-эне же жакын тааныш адамдарынын кумар оюндарына катыштыгы бар адамдар;
6. Турмуштун кандайдыр бир кыйынчылыгынан улам депрессияда жүргөндөр;
7. Жалгыздыкка кабылгандар, жакындары менен мамилесин чыңай албагандар;
8. Бала кезинен карта, домино, монополия сыяктуу кумар оюндарына кызыккандар;
9. Эмгексиз бат эле байып кетүүнү каалагандар;
10. Материалдык байлыкты бийик койгондор.

**Мугалим:** Туура балдар. Эми айткылачы: “Кумар оюндарына көз каранды адамдардын баштапкы белгилери кандай болот?”



1. Окуучунун окуусу начарлап, көңүлү эч нерсеге келбейт;
2. Жакындарынан, досторунан алыстайт;
3. Өзүнчө жалгыз жүргүсү келет, маанайы, мүнөзү өзгөрүлөт;
4. Уйкусу качат, калп көп сүйлөйт.
5. Оюнду көп ойногон балдар коомдо адамдар менен жакшы байланыш түзө албай калышы мүмкүн.
6. Курчап турган айлана-чөйрөнү, социалдык чөйрөнү туура эмес, адекваттуу эмес кабыл алышы мүмкүн.
7. Балдар окуудан өксүп, ал эми чоң кишилер кумар оюндарынан үй-мүлкүн алдырып, ден соолугунан ажырайт.

## КАНТИП ЖАРДАМ БЕРСЕ БОЛОТ?

- Оюн жөнүндө ойлорго көңүл бурбай, жакшы, кызыктуу китеп окууну адат кылыңыз;
- Жакын адамыңызга айтып кеңеш сураңыз;
- Башка нерсеге алаксыңыз, спортко катышыңыз;
- Кумар оюндарына байланыштуу жайлардан алыс болуңуз;
- Жакшы дос күтүңүз.



**Акылмандардын сөзү:**

- Кумар – эс-акылдын мастыгы. **Роберт Саути**
- Кумар оюну – коркунучтуу илдет.
- Адамзат эңкейишке аккан дарыя, аны артка агыза албайсың. **Антуан РИВАРОЛЬ.**

**Бышыктоо.** Суроо: “Кумар оюну көз карандылыкка алып келет” деген сөздүн түшүндүрмөсүн айтып бергиле.

**Сабактын жыйынтыгы.**



**Суроолорго өз алдыбызча жооп беребиз:**

1. Сен кумар оюн ойнойсуңбу?
2. Ойносоң кумар оюнунан алаксытуу оңойбу?
3. Кумар оюндун кандай зыяндуулугу бар?
4. Кумар оюну жөнүндө макал-лакап билесиңерби?

**Жыйынтыктоо:** Мына балдар, бүгүн биз “Кумар оюнунун зыяндуулугу”, деген темада кеп кылдык. Бүгүн биз кумар оюнунун кандай зыяндуулугу бар экенин үйрөндүк.

**Баалоо:** Окуучулар бааланат.

- **Үйгө тапшырма:**

“Кумар оюну көз карандылыкка алып келет ” деген темада чакан эссе жазууну же сүрөт тартып келгиле.

*Тарбия, социалдаштыруу жана*
*мектептен сырткаркы*
*кошумча билим берүү лабораториясынын*
*башчысы Алымбаева Б.Б.*